Бөрүбаева Г. Н., Мамажанова М. Б., Мурзаева О. Ж.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПТЕРДИН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Борубаева Г. Н., Мамажанова М. Б., Мурзаева О. Ж.

# ПРЕИМУЩЕСТВА ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПРОФЕССИЙ

Borubaeva G., Mamazhanova M., Murzaeva O.

# ADVANTAGES OF TEACHING PROFESSIONS

УДК: 372.851

Бул макалада заманбап коомдо мугалимдик кесипти тандоонун артыкчылыктары каралат. Ал окутуунун инсандык өнүгүүгө, кесиптик канааттанууга тийгизген таасирин жана социалдык таасирин талдайт. Макалада педагогикалык адистиктерге тартууга түрткү бере ала турган келечек муундун калыптанышына таасир этүүгө, окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берүүгө жана мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүн социалдык жактан таанууга канааттануу сыяктуу факторлор каралат. Изилдөөдө ошондой эле тынымсыз өзгөрүлүп турган билим берүү талаптарынын жана технологиялык инновациялардын контекстинде мугалимдик кесиптердин актуалдуулугуна көңүл бурулат, алардын артыкчылыктары, азыркы күндө коюлган талаптарга жооп бере турган шарттары каралды. Маалыматтык технологиялар жана билим берүүнү санариптештирүү доорунда мугалимдин насаатчы жана билим берүүчү катары ролунун маанилүүлүгүн ачып берет. Жыйынтыктап айтканда, макалада азыркы коомдогу педагогикалык кесиптердин мааниси жана уникалдуулугу баса белгиленет.

Ачкыч сөздөр: кесип, педагогикалык кесип, билим берүү процесси, билим берүүнүн санариптик трансформациясы.

Данная статья исследует преимущества выбора педагогических профессий в современном обществе. Она анализирует влияние педагогической деятельности на личностное развитие, профессиональное удовлетворение и социальное влияние. Рассматриваются факторы, способствующие привлечению к педагогическим специальностям, такие как возможность влиять на формирование будущего поколения, удовлетворение от помощи в развитии индивидуальных способностей студентов и социальное признание профессиональной деятельности учителя. В исследовании также уделяется внимание актуальности профессий преподавателей в контексте постоянно меняющихся образовательных требований и технологических инноваций, рассматриваются их преимущества, условия, в которых они могут соответствовать требованиям, предъявляемым в настоящее время. Оно выявляет значимость роли учителя как наставника и образователя в эпоху информационных технологий и цифровизации образования. В заключение, статья подчеркивает важность и уникальность педагогических профессий в современном обществе.

Ключевые слова: профессия, педагогическая профессия, образовательный процесс, цифровая трансформация образования, технологические инновации.

This article explores the benefits of choosing teaching professions in modern society. She analyzes the impact of teaching on personal development, professional satisfaction and social impact. Factors that contribute to attraction to teaching professions are considered, such as the opportunity to influence the formation of the future generation, satisfaction from assistance in the development of students' individual abilities, and social recognition of the teacher's professional activities. The study also draws attention to the relevance of teaching professions in the context of changing educational requirements and technological innovation. It reveals the significance of the role of the teacher as a mentor and educator in the era of information technology and digitalization of education. In conclusion, the article emphasizes the importance and uniqueness of teaching professions in modern society.

Key words: profession, teaching profession, educational process, digital transformation of education, technological innovations.

Ар бир адам кичинекей кезинен баштап эле келечекте кайсыл тармакта иштей ала тургандыгын элестетүү аркылуу өзүнө жаккан кесипти тандоо менен алек болот. Эрезеге жетип, тандаган кесибинин ээси болгонго чейин анын«кыялындагы кесиптер» бир нече өзгөрүлүп, бир канча жолу алмашат.

Кесип - өмүрүбүздүн үчтөн бирин өткөргөн ишибиз, алагды болгон нерсебиз. Кишилер кесиптери менен өздөрүн таанытышат. Кишилер менен кесиптердин арасында көптөгөн байланыштар бар. Кесип ал кишинин адамгерчилигине, дүйнөгө көз карашына, кабыл алуусуна таасир этип, кишилерде окшоштуктар, айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр жана жакындыктарды пайда кылат.[1]

Бул макалада биз заманбап билим берүү талаптарынын жана технологиялык инновациялардын шартында мугалимдик кесиптердин өзгөрүп жаткан мүнөзүнө көңүл бурабыз, билим берүү жараянынын негизги уюштуруучусу болгон мугалимдин ролун жана анын окутууну санариптештирүү шарттарына ылайыкташуусун карап чыгабыз. Бул контекстте мугалимдик кесиптердин артыкчылыктарын изилдөө алдыңкы планга чыгуу менен көңүл борборун алардын келечектеги коомдун калыптанышына тийгизген таасирине багыттайт.

Азыркы коомдо билим берүүнүн тез өнүгүшүнө жана социалдык-маданий чөйрөнүн өзгөрүшүнө жараша келечекти калыптандырууда мугалимдик кесип өзгөчө мааниге ээ болууда. Тынымсыз өнүгүп жаткан технологиялардын таасирин жана билим берүү процессине коюлган жаңы талаптарды эске алганда, педагогикалык ишмердүүлүккө байланыштуу маселелер актуалдуу жана маанилүү болуп баратат.

Мугалимдик кесип чоң жоопкерчилик менен байланыштуу, анткени мугалимдер билим берүү менен гана чектелбестен, окуучулардын сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандырат, өзүн-өзү маданий жактан таануга жардам берет жана эстетикалык табитин өстүрөт, окуучунун инсандыгын жана келечегин калыптандырууга таасир этет.

Акыркы он жылдыктарда педагогикалык кесип илимий изилдөөлөрдө жана басылмаларда байма-бай чагылдырылган олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуу менен, бүгүнкү күндө мугалимдер билим берүүнүн санариптик трансформациясы менен шартталган жаңы мүмкүнчүлүктөргө жана билим алууга болгон муктаждыктардын өзгөрүшү сыяктуу кыйынчылыктарга туш болууда. Андыктан, педагогикалык ишмердүүлүктүн ар кандай аспектилерине багытталган негизги эмгектерди талдап көрөлү.

Педагогикалык кесипти тарыхый талдоо XIX кылымда классикалык билим берүүдө негизги ролду мугалим аткара тургандыгы чагылдырылган чыгармалардан башталат.

Педагогиканын тарыхында көптөгөн окумуштуулар мугалимдик кесиптин өнүгүшүнө олуттуу салым кошушкан. Мисалы, Аристотель балдарды окутуу методикасын биринчилерден болуп калыптандырган жана инсандык гармониялуу өнүгүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилеген. Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, Я. Корчак, К.Д. Ушинский, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, Ш.А. Амонашвили ж.б. педагогикада көрүнүктүү из калтыруу менен, окутуунун инновациялык ыкмаларын жана методикаларын иштеп чыгышкан.Убакыттын өтүшү менен, айрыкча XX кылымдын орто ченинде, окутуунун психологиялык жана социалдык аспектилерине көңүл буруу зарылдыгы Жан Пиаже жана Л.С. Выготский сыяктуу авторлордун эмгектеринде баса көрсөтүлгөн.

Бул илимпоздор жана педагогдор билим берүү системасын жана окутуу ыкмасын өзгөрткөн түшүнүктөрдү жана методдорду иштеп чыгышкан, ар бир окуучуга жекече мамиле жасоого жана алардын потенциалын өнүктүрүүгө басым жасашкан. Алардын эмгектери жана идеялары заманбап педагогдорду шыктандырып, дүйнө жүзү боюнча билим берүү практикасына таасирин тийгизүүдө.

Педагогиканы заманбап изилдөөлөрдө көбүнчө инклюзивдик билим берүү, окутууда санариптик технологияларды колдонуу жана окуучулардын мотивациясын жогорулатуу ыкмалары каралат. Көптөгөн авторлор окуу программаларын заманбап коомдун муктаждыктарына ылайыкташтыруунун маанилүүлүгүн баса белгилешет.

Учурдагы адабияттарды талдоо менен, мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө жетишсиз көңүл буруу жана көп маданияттуу чөйрөдө окутуунун натыйжалуу стратегиясынын жоктугу сыяктуу бир нече көйгөйлүү маселелерди аныктоого болот. Ошондуктан бул маселелер терең изилдөөнү жана жаңы ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылат.

Эски идеологиялык көз караштар, көнүмүш багыттар жана баалуулуктардын, ошону менен катар жакшылык менен жамандыктын, кадыресе жасалып жаткан иштер менен тыюу салынган нерселердин универсалдык критерийлеринин кыйрашына тушуккан мындай татаал кырдаалда педагогдорго жаш муундарды окутуп тарбиялоодо артыкчылыктарды тандоо сыяктуу дагы кошумча социалдык жоопкерчилик жүктөлдү.

П.и.д., профессор Р.Т. Сулайманова заманбап мугалимге карата төмөндөгүдөй пикирин билдирет: “Учитель своими знаниями, умениями, навыками и поведением может оказывать на учащихся как положительное, так и отрицательное влияние. Как одним из главных элементов образовательной системы, учителю необходимо стать опытным специалистом,владеющим взвешенным личностным характером, способностями управления процессами, умением планировать, на общественном и индивидуальном уровнях владеть лидерскими качествами, быть уверенным в себе, открыто выражающим свое мнение, знающим профессиональные и общественные идеалы”. [2]

Азыркы кездеги билим берүүгө коюлган жаңы талаптар келечектеги мугалимдерден терең теориялык, методологиялык, практикалык жана психологиялык даярдыкты талап кылат. Бул

проблеманын чечилиши педагогикалык окуу жайларда келечектеги кесип ээлерин даярдоонун деңгээлин жакшыртуу менен тыгыз байланышат. [3]

Педагогикалык кесиптердин артыкчылыктары билим берүүгө таасир эткен төмөнкүдөй бир нече глобалдык тенденциялар аркылуу чагылдырылат:

1. Технологиялык прогресс: Окутууну жекелештирүү жана билимге жетүүнү жакшыртуу үчүн жасалма интеллектти, чоң маалыматтарды (Big Data) жана булут кызматтарын(булут эсептөөлөрдү) колдонуу,окууну кеңейтүү, аны ийкемдүү кылуу үчүн онлайн окутууну жана аралаш окутууну жайылтуу зарылдыгы келип чыгууда.

2. Глобалдашуу жана өз ара байланыш: Дүйнөлүк билим берүү стандарттарын жана программаларын иштеп чыгууга алып келген эл аралык кызматташтыкты жана билим алмашууну жогорулатуу максатында студенттердин жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн өстүрүү маданий алмашууга жана глобалдык түшүнүккө өбөлгө түзөт.

3. Эмгек рыногунун өзгөрүшү: Автоматташтыруу жана технологиялык өзгөрүүлөр эмгек рыногун өзгөртүп, билим берүү программаларына жаңы көндүмдөрдү,сынчыл ой жүгүртүүнү киргизүү, көйгөйлөрдү чечүүнү жана чыгармачылыкты ылайыкташтыруу сыяктуу 21-кылымдын көндүмдөрүнө суроо-талаптар өсүүдө.

4. Социалдык жана эко логиялык көйгөйлөр: Климаттын өзгөрүшү, туруктуулук жана социалдык адилеттүүлүк жөнүндө тынчсыздануу бул темаларды билим берүү программаларына киргизүүнү талап кылат. Ийгиликтүү окутуу үчүн эмоционалдык интеллекттин жана жыргалчылыктын маанилүүлүгүн түшүнүүнү жогорулатуу зарыл.

5. Саясий жана экономикалык факторлор: Мамлекеттик реформалар жана билим берүүнү каржылоо боюнча экономикалык шарттар билим алуу мүмкүнчүлүгүнө жана билим берүү саясатынын артыкчылыктарына,билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына таасир этиши мүмкүн.

6. Мугалимдердин жана окуучулардын ролдорун өзгөртүү: Мугалимдер жөн гана билим берүүчү эмес, фасилитатор жана насаатчынын ролун аткарып, ал эми окуучулар жоопкерчиликти өздөрүнө алуу менненокуудагы жетишкендиктерин көрсөтүп, окуунун активдүү катышуучулары болуп калышат.

7. Демографиялык өзгөрүүлөр же өмүр бою билим алууга басым жасоо: Калктын өсүшү жана урбанизация билимге болгон суроо-талаптын өсүшүнө жана билим берүү тутумдарын калктын ар түрдүү муктаждыктарына ылайыкташтырууга алып келет, ал эми технологиянын тез өзгөрүшү жана эмгек рыногунун жаңы талаптары өмүр бою үзгүлтүксүз окутууну жана заманбап адистиктерге кайра даярдоону талап кылат. Улгайган адамдарды колдоо, жумуш менен алектенүүсүнө шарт түзүү максатында билим берүү мекемелери өмүр бою билим алуу боюнча программаларды жана квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу боюнча иш алып баруусу зарыл.

Жалпылап алганда,  педагогикалык кесип социалдык жана технологиялык өзгөрүүлөргө ыктоо менен өнүгүп келе жатат. Бирок, билим берүүнүн мыкты натыйжаларына жетүү үчүн, окутуунун инновациялык методикасын изилдөөгө жана ишке ашырууга көбүрөөк көңүл буруу керек.

Жыйынтыктап айтканда, мугалимдик кесиптер билим берүү жана жаш муундарды өнүктүрүү аркылуу коомдун келечегине таасир этүүгө уникалдуу мүмкүнчүлүк берет деп айтууга болот. Бул кесиптер мугалимдердин жеке өсүшүнө жана кесиптик өркүндөтүлүшүнө гана жардам бербестен, туруктуу жана билимдүү жамааттарды калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Мугалимдер ар бир окуучуну шыктандыруу, кызыктыруу жана потенциалын ачуу жөндөмүнө ээ, бул алардын ишин эң маңыздуу жана канааттандырарлык деңгээлге чыгара алат. Кыйынчылыктарга карабастан, мугалимдик кесиптердин артыкчылыктары талашсыз жана алардын коомго кошкон салымы баа жеткис.

Мындан сырткары, мугалимдик кесиптер баа жеткис билимдин жана маданий баалуулуктардын алмашуусун камсыз кылат, бул глобалдык түшүнүшүүгө жана маданияттар аралык диалогго өбөлгө түзөт. Ошондой эле, алар ар кандай билим чөйрөсүндө инновациянын жана прогресстин негизи болгон үзгүлтүксүз билим алуу жана өзүн-өзү өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылышат. Технологиялык өзгөрүүлөрдүн доорунда мугалимдер окуучуларга сынчыл ой жүгүртүү, адаптациялоо жана көйгөйлөрдү чыгармачылык менен чечүү көндүмдөрүн үйрөтүүдө негизги фигура болуп калышты, бул алардын келечектеги ийгилиги үчүн абдан маанилүү. Ошентип, азыркы дүйнөдө мугалимдердин эмгеги жогору бааланбаса да алар коомдун жогорку деңгээлдеги урмат-сыйына жана колдоосуна татыктуу экендиги талашсыз.

Адабияттар:

1. Кесип: Материал из Википедии - свободной энциклопедии. [Электронный ресурс] Режим доступа: https://ky.wikipedia.org/wiki/Кесип_тандоого_таасир_тийгизген_көрүнүштөр.

2. Сулайманова Р.Т. Педагогикалык кесип түшүнүгүнүн азыркы коомдогу мүнөзү. / Р.Т. Сулайманова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, - Б., 2020.№ 12. 220-274-б. [Эл. булак]. Кирүү:http://science-journal.kg/media/Papers/nntiik/2020/12/ННТ-12_2020_год_270-274.pdf
3. Сманбаев Ө.А.Педагогикалык кесипке киришүү: (Окуу колдонмо). -Б.: 2018 - 78 б.
4. Кыргыз педагогикасы:(Энциклопедиялык окуу куралы). Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.- Б.: 2004.
5. Болотова Ж.А. Ценности педагогической деятельности / Ж.А. Болотова, Ю.В.Кострикова, Е.А. Радченко, М.Н. Рахманова // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. - 2016. - №1 (Ч. 2) - С. 257-259 [Электронный ресурс] Режим доступа: https: //www.elibrary.ru/item.asp?id=25372568.